DOI:10.26104/IVK.2019.45.557

ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ КЫРГЫЗСТАНА, № 4, 2020

*Атамкулова Е.Т., Жолчиев С.Т.*

# КЫРГЫЗСТАНДЫН ЭГЕМЕНДҮҮЛҮГҮНҮН АЛГАЧКЫ ЖЫЛДАРЫНДАГЫ ЖАЗЫК СОТ ИШМЕРДҮҮЛҮГҮНҮН ЖӨНГӨ САЛЫНУУСУ

*Атамкулова Е.Т., Жолчиев С.Т.*

# РЕГУЛИРОВАНИЕ УГОЛОВНОГО СУДОПРОИЗВОДСТВА В ПЕРВЫЕ ГОДЫ НЕЗАВИСИМОСТИ КЫРГЫЗСТАНА

*E.T. Atamkulova, S.T. Zholchiev*

# REGULATION OF CRIMINAL PROCEEDING IN THE FIRST YEARS OF INDEPENDENCE OF KYRGYZSTAN

*УДК: 34.343*

*Мамлекетибиздин көз карандысыздыкка ээ болуусу жана демократиялык жолго түшүүсү, коомубуздун баардык тармактары менен катарда соттук-укуктук реформанын башталуусу, бул реформаны жүргүзүүнүн себептери, 1993-жылдагы биринчи конституциябыздын кабыл алынуусу менен сот бийлик бутагынын бири болуп бекилүүсү, соттордун өз алдынчалуулугунун камсыз болуусу, сот ишмердүүлүгүнүн так аныкталуусу, эгемендүүлүктүн алгачкы жылдарында кылмыш жазык сот ишмердүүлүгүнүн жөнгө салган 1997-жылы кылмыш жаза жана 1999-жылы кылмыш жазык процесстик кодекстеринин кабыл алынуусу, адам укуктарын жана эркиндиктерин камсыз кылууда кылмыш чөйрөсүн аныктаган жогорудагы кодекстердин ээлеген орду, бул кодекстердин бири-бири менен болгон байланышы, кылмыш жаза жана жазык укук тармактары менен жазык сот ишмердүүлүгүнүн жөнгө салынуусу жөнүндө каралган.*

***Негизги сөздөр**: мамлекет, көз карандысыздык, соттук-укуктук реформа, сот ишмердүүлүгү, кылмыш-жаза кодекси, жазык-процесстик кодекси, кылмыш-жаза укугу, жазык-процесстик укугу.*

*В статье рассматриваются вопросы приобретения независимости нашим государством и становление на путь демократического развития, наряду с реформами всех отраслей нашего общества, начало судебно-правовой реформы, причины проведения этой реформы, закрепление судебной власти как одной ветви власти с принятием первой Конституции в 1993 году, обеспечение самостоятельности судей, точное определение деятельности судебных органов, принятие в 1997 году Уголовного кодекса и в 1999 году Уголовно-процессуального кодекса, регулирующие деятельность судебных органов в первые годы суверенитета, роль и место вышеназванных кодексов определяющих преступный мир в обеспечении прав и свобод человека, взаимодействие этих кодексов друг с другом, регулирование отраслей права уголовного права, уголовного процессуального права и уголовного судопроизводства.*

***Ключевые слова**: государство, независимость, судебно-правовая реформа, судебная деятельность, Уголовный кодекс, Уголовно-процессуальный кодекс, уголовное право, уголовно-процессуальное право.*

*The issues of gaining independence by our state and becoming on the path of democratic development are considered, along with reforms in all sectors of our society, the beginning of the judicial and legal reform, the reasons for this reform, the consolidation of the judiciary as one branch of government with the adoption of the first Constitution in 1993, ensuring the independence of judges, precise definition of the activities of the judiciary, the adoption of the Criminal Code in 1997 and the Criminal Procedure Code in 1999, regulating the activities of the judiciary in the early years of sovereignty, the role and place of the aforementioned codes defining the criminal world in ensuring human rights and freedoms, the interaction of these codes with each other, regulation of the branches of criminal law, criminal procedural law and criminal proceedings.*

***Key words:** state, independence, judicial and legal reform, judicial activity, Criminal Code, Criminal Procedure Code, criminal law, criminal procedure law.*

Мамлекетибиздин көз карандысыздык алгандыгына мына жыйырма тогуз жылдын жүзү болуп келүүдө, бул жылдар аралыгында саясий жана укуктук өз алдынчалыкка жетишип, башка көз карандысыз мамлекеттер катарында өз алдынча жол тартып, өзүнүн тагдырын өзү чечүүгө белсенди.

Башка мамлекеттердей эле, биздин өлкөбүз демократия жолуна түшүү менен коомубуздун бардык социалдык, экономикалык, укуктук чөйрөсүн реформалоо менен катарда соттук-укуктук реформаны жүзөгө ашырууну баштоо үчүн ыңгайлуу шарттардын түзүлүшүнө өбөлгө болгон.

Соттук-укуктук реформаны жүргүзүү замандын талабы болгон, анткени өлкөбүз өз алдынча көз карандысыз республика болгондугуна байланыштуу эгемендүү мамлекеттин өзүнүн баш мыйзамы, бийлик бутактары, мамлекеттик органдары, белгилери ж.б. болуусу зарыл эле, ошондуктан мамлекетибизде бир

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



гана сот органдарын эмес, бардык тармактарды реформалоо иштери башталган.

Бул боюнча А.А. Атакулова мындай деп белгилеген “Алгачкы соттук-укуктук реформаны жүргүзүү жараяны мамлекеттик бийлик органдар тутумун кайра уюштурууга тиешелүү, бир катар мыйзамдардын кабыл алынышына байланыштуу болгон. Маселен, 1990-жылдын 14-декабрындагы «Кыргыз ССРдеги мамлекеттик бийлик жана башкаруу органдар тутумун кайра уюштуруу жана Кыргыз ССРнин Конституциясына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө» Мыйзамы боюнча, Кыргыз ССРнин Конституциялык көзөмөл Комитети жоюлган жана Кыргыз ССРнин Конституциялык соту түзүлгөн” [1].

Ар бир мамлекеттин алдында биринчи кезекете мамлекеттин укуктук негиздерин түптөө негизги мыйзамын кабыл алуу менен өнүктүрүү милдети коюлгандыктан 1993-жылы 5-майда Кыргыз Республикасынын жаңы Конституциясы кабыл алынып, анда сот бийлик бутагынын бири болуп бекитилиши, соттордун өз алдынчалуулугун камсыз кылган.

Өлкөбүздүн жаңы кабыл алынган конституциясына ылайык, сот бийликтин үч бутагынын бири болуп бекитилип, анын өз алдынчалыгы, ишмердүүлүктөрү аныкталып, сот ишмердүүлүгү так бөлүштүрүлүп, мыйзам менен жөнгө салынды. Маселен, кылмыш жазык сот ишмердүүлүгүн кылмыш жазык жана кылмыш жазык-процесстик мыйзамдары жөнгө салса, жарандык жана башка сот ишмердигин жарандык жана жарандык-процесстик, административдик, үй-бүлөлүк жана башка бир катар кабыл алынган мыйзамдар жөнгө салып, сот адилеттүүлүгүн жүзөгө ашырылуусу бекитилген.

1993-жылдагы Конституциябыздын кабыл алынышы менен кылмыш жаза жана кылмыш жазык процесстик мыйзамдарын кайрадан иштеп чыгуу жана аны андан ары өкүндөтүү максаты алдыга коюлган.

Өлкөбүздүн көз карандысыздыкка ээ болгондон кийин кылмыш жазык сот адилеттигин жүзөгө ашырууну камсыз кылуу максатында сот ишмердүүлүгүн аныктаган мыйзамдар кабыл алынды, алар 1997-жылдагы кылмыш жаза жана 1999-жылдагы кылмыш жазык-процессуалдык кодекстери болуп саналат.

Бул боюнча Б.А. Жусупов “Укук коргоо жаатында мыйзам актыларын иштеп чыгууда бир топ алгылыктуу иштер иш жүзүнө ашырылып, мыйзам актылары учурдун талабына ылайык өзгөртүлүп, толукталып негизги максат адам укуктарын жана эркиндиктерин камсыз кылуу болуп саналды. Бул жагдайда жаңы кабыл алынган кылмыш жаза кодекси менен жазык-процессуалдык кодекси дагы кылмыштуулуктун алдын алууда, аны куугунтуктоодо өз ордун тапты десек болот” [2] деп белгилеген.

Ал эми көз карандысыздыкка ээ болгонубузга чейин, тактап айтканда өлкөбүз Кыргыз ССРи болуп турган учурда биринчи жолу кылмыш укук чөйрөсүндө 1960-жылы кылмыш жазык сот ишмердүүлүгүн аныктаган аны жөнгө салган кылмыш-жаза жана кылмыш жазык-процессуалдык кодекстери кабыл алынган.

Эгемендүүлүлүктүн алгачкы жылдарында биринчи жолу 1997-жылы кабыл алынган кылмыш жаза жана 1999-жылдагы кылмыш жазык-процесстик кодекстери жалпы жана өзгөчө бөлүктөн турган.

*Жогоруда биз кеп кылган кылмыш-жаза жана кылмыш-жазык процесстик кодекстерине ылайык, кылмыш ишин талдоодо жазык процесстик кодекси жана кылмыш жаза кодексинин да туура пайдаланышы негизделет. Күнөө жасаган ар бир адам ага тийиштүү жазасын алып, күнөөсүз бир да адам жазага тартылбоосу керек. Ушундай шартта гана кылмыш иши толук мыйзам чегинде чечилет, адилеттик сакталат: күнөөлүү тийиштүү жазасын алат, күнөөсүз адам кылмыштуу деп таанылып куугунтуктоодон, ага байланышкан эркинен, аброюнан ажыроодон сакталат [3].*

*Кылмыш жазык сот ишмердүүлүгү кылмыш-жаза укугу жана кылмыш-жазык процесстик укук тармактары менен жөнгө салынат.*

***Кылмыш-жаза укугу боюнча*** Э.С. Токторов жана Т.Т. Жолдошев *“Кылмыш-жаза укугу укуктун тармактарынын бири жана ал кылмыштарды жасаганда келип чыккан коомдук мамилелерди коргойт. Бул мамилелер кылмыш-жаза укугунун сабагын (предметин) түзөт жана аны укуктун башка тармактарынан айырмалап турат. Ал кылмыш жасалганда пайда болгон коомдук мамилелерди жөнгө салган жана кайсы аракеттер кылмыштуу, аларды жасагандыгы үчүн кандай жаза колдонулушун аныктаган юридикалык ченемдердин түркүмү”* [4] - *деп белгилешсе,* Т.С. Салыбекова “Жазык укугу кылмыш жоопкерчилигинин негиздерин жана шарттарын, жасалган кылмыш үчүн жаза белгилөөнүн принциптерин белгилеп, кылмыш үчүн жазалардын түрлөрүн жана чектерин аныктайт. Ошону менен бирге өзүнө жазык укугунун ченемдерин, кылмыш жасаган адамдарды тарбиялоого катышуусун аныктаган ченемдерди камтыйт” [5] - деп бекемдейт.

***Ал эми жазык-процесстик укугу боюнча,*** Б.А. Жусупов мындай деп белгилеген “Жазык процес-

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



суалдык укугу кылмыш белгилерин камтыган окуянын пайда болушу менен алдын ала иликтөө, тергөө, органдарынын, прокурордун, соттун, ошондой эле процессуалдык мыйзам тарабынан ыйгарым укукка ээ болгон субъектилердин процессуалдык мыйзамдын негизинде көрүүчү аракеттерин жөнгө салуусу укуктун тармагы болуп саналат” [2]

*Демек, кылмыш жаза укугунда кылмыш жаза мыйзамынын негизинде күнөөлүүгө карата жаза чаралары, жазанын түрлөрү белгиленсе, жазык- процесстик укугунда кылмышка карата жазык ишинин козголуусу, укук коргоо органдарынын жазык-процесстик мыйзамдарына ылайык* көрүүчү аракеттерин жөнгө салуусун түшүнөбүз.

Кылмыш жазык ишин козгоо жүйөсү кылмыш белгилерин камтыган аракеттер алдын ала иликтөө, тергөө органдары тарабынан табылганда пайда болот. Жазык ишин козгоо аракети менен жазык процессуалдык укуктук мамилеси пайда болгондо, ага катышуучу жактар өз ара укук жана милдеттерге ээ болот.

Кылмыш жазык процессуалдык укугу бир эле кылмыш жазык ишин козгоо менен чектелип калбай, аны алдын ала иликтөө, тергөө жана соттук териштирүү аракеттери менен бирге карайт.

Адам укуктары жана эркиндиктери кайсы гана демократиялык коом болбосун ар кандай кол салуулардан корголот жана камсыздалып, кылмыштуулукка жана укук бузууларга карата мамлекет өзүнүн саясаты менен күрөшөт, ал мыйзам чыгаруу жолу менен кылмыш чөйрөсүн аныктап, аны жазалоону орнотот.

Бул жараянда кылмыш чөйрөсү аныкталып, ал адамга күнөө таңууланып кылмыш жоопкерчилигине тартылат, же андан бошотулат. Жогоруда биз кеп кылган аракеттердин баарын кылмыш жаза укугу жана жазык-процессуалдык укук тармактары жөнгө салынат.

Жыйынтыктап алганда, эгемендүүлүктүн алгачкы жылдарындагы жазык сот ишмердүүлүгү боюнча төмөнкү тыянактарды чыгарсак болот;

- өз алдынча сот бийлигинин калыптанышы;
- сот ишмердүүлүгүнүн бийликтин өз алдынча бутагы катары көз карандысыз болуп бекилиши;
- улуттук сот тутумунун калыптанышы;
- сот ишмердүүлүгүндө демократиялык формалардын калыптанышы.

**Адабияттар:**


1. Атакулова А.А. Кыргыз Республикасында сот бийлиги: тарыхый-укуктук изилдөө. / Юрид. илим. кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган Диссертация. - Б., 2016.
2. Жусупов Б.А. Жазык-Процесстик укук. - Ош, 2013.
3. Кыргыз Республикасынын Жазык-Процессуалдык кодексине илимий-практикалык комментарий. - Б., 2008.
4. Токторов Э.С., Жолдошев Т.Т. Кыргыз Республикасынын Кылмыш-Жаза кодексине түшүндүрмө. - Б., 2015.
5. Салыбекова Т.С. Кыргыз Республикасынын Жазык укугу. - Бишкек, 2005.